**ДОЛБООР**

5-тиркеме

# Виртуалдык активдердин субъекттерине, алардын уюштуруучуларына жана кызмат адамдарына колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө ЖОБО

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттик (мындан ары – ВАУА), тарабынан виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүлөрүнө (мындан ары – ВАККБ), алардын уюштуруучуларына жана кызмат адамдарына, ошондой эле виртуалдык активдердин эмитенттерине карата Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын бузгандыгы үчүн жана майнингди кабарлоосуз жүзөгө ашыргандыгы жана майнинг боюнча ишке карата талаптарды бузгандыгы үчүн майнерлерге карата таасир этүү чараларын колдонуу тартибин аныктайт.

2. ВАУАнын виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүлөрүнө, алардын уюштуруучуларына жана кызмат адамдарына, ошондой эле виртуалдык активдердин эмитенттерине жана майнерлерге карата таасир этүү чараларын колдонуусунун максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын ВАККБ жана виртуалдык активдер рыногунун туруктуу иштешин жана туруктуулугун колдоо үчүн көйгөйлөрдү эртерээк чечүү, оңдоо жана жоюу;
- кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү;
- виртуалдык активдер рыногунда эл аралык санкциялык талаптарды жана ФАТФтын тизмелерин сактоо;
- виртуалдык активдер рыногундагы Монополиялык иш-аракеттерге бөгөт коюу;
- кардарлардын жана башка керектөөчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;
- виртуалдык активдердин эмитенттеринин виртуалдык активдерди чыгаруу/эмиссиялоо, ачык жайгаштыруу жана жүгүртүү тартиби бузулган учурларга ыкчам чара көрүү;

- Кыргыз Республикасынын аймагында жашырылган майнингдин табылган фактыларына чара көрүү.

3. ВАУА тарабынан таасир этүү чаралары Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү мыйзамдарында жана ушул Жободо каралган тартипте колдонулат.

4. ВАУАнын таасир этүү чаралары ВАККБнын мүнөзүнө, кетирилген бузуулардын түрүнө жана финансылык абалына жараша ырааттуу тартипте, ошондой эле тандалма түрдө да колдонулушу мүмкүн. ВАУА ВАККБга таасир этүү чараларын колдонуунун максатка ылайыктуулугун, түрүн (түрлөрдүн айкалышы) жана тартибин аныктайт.

5. “Виртуалдык активдер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген ченемдерди, талаптарды жана чектөөлөрдү бузуу таасир этүү чараларын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

6. Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузуу болуп, “Виртуалдык активдер жөнүндө”, “Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген, ошондой эле виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар чөйрөсүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар, алардын акционерлеринин/катышуучуларынын жана кызмат адамдарынын аракеттери (аракетсиздиги) эсептелет.

## 2-глава. Таасир этүү чаралары жөнүндө жалпы жоболор

7. Таасир этүү чараларына төмөнкүлөр кирет:

1) жазма буйрук;

2) ВАККБга жана алардын кызмат адамдары үчүн айып;

3) виртуалдык активдерге байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүн көрсөтүүгө чек коюу;

4) лицензияны убактылуу токтото туруу;

5) лицензияны чакыртып алуу.

8. ВАУА төмөнкү учурларда ВАККБга карата таасир этүү чараларын колдонот:

1) ВАККБнын ишин жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуусу;

2) виртуалдык активдер чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу орган (мындан ары – Финкөзөмөл) жүргүзгөн

көзөмөлдөө функцияларын жана текшерүүлөрдү жүзөгө ашырууга каршы аракеттенүү;

3) кардарлардын жана башка керектөөчүлөрдүн укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына коркунуч келтирген ВАККБнын аракеттери же аракетсиздиги;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга, лицензияны токтото турууга/чакыртып алууга алып келүүчү ВАККБнын кызмат адамдарынын аракеттери же аракетсиздиги;

5) Финкөзөмөлгө отчет жана (же) башка маалымат берилбегенде же өз убагында/анык эмес/толук эмес берилгенде.

9. ВАККБга карата тигил же бул таасир этүү чарасын колдонуу жөнүндө чечим ВАУА тарабынан төмөнкү факторлорду эске алуу менен кабыл алынат:

- бузуунун мүнөзүнө жана анын Кыргыз Республикасынын ВАККБнын ишине жана виртуалдык активдер рыногуна тийгизген таасирине жараша;
- бузуунун кайталануу жыштыгына жана узактыгына жараша;
- кетирилген бузуулардын натыйжасында ВАККБнын тарткан чыгымдарынын өлчөмүнө;
- ВАККБнын кызмат адамдарынын кетирилген бузуу жөнүндө маалымдуулугуна;
- ВАККБнын кызмат адамдарынын келип чыккан көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгүнө;
- операциялык иштеги жана ички контролдоо системасындагы көйгөйлөрдүн олуттуулугуна;
- ВАККБнын ички жол-жоболорунун жана саясаттарынын бузулушуна;
- мурда кетирилген бузуу үчүн ВАККБга карата кандайдыр бир таасир этүү чарасынын колдонулган учурлары;
- ВАККБнын кызмат адамдары тарабынан келип чыккан көйгөйлөрдүн бар экендигин жана олуттуулугун таануу;
-ВАККБнын кызмат адамдары же акционерлери/уюштуруучулары тарабынан ВАУАнын жана Финкөзөмөлдүн сунуштарын жана/же талаптарын аткарбоо;
- КИК/ККЛК жөнүндө мыйзамдардын, ошондой эле санкциялык мыйзамдардын бузулушуна алып келген операциянын(лардын) мүнөзүнө, жыштыгына жана/же көлөмү.

ВАККБ уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнө карата талаптарды бузган учурда, таасир этүү чаралары виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте колдонулат.

10. Таасир этүү чарасы ВАУА тарабынан Финкөзөмөлдөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча отчет алынган күндөн тартып 1 (бир) айдан кечиктирилбестен колдонулушу мүмкүн.

11. ВАУА ВАККБга жазуу жүзүндө эскертүү жөнөтүүгө укуктуу. Жазуу жүзүндөгү эскертүү таасир этүү чарасы болуп саналбайт жана тобокелдиктердин жана/же коркунучтардын алдын алуу, ошондой эле мыйзамдардын жана/же ченемдик укуктук актылардын, анын ичинде КИК/ККЛК боюнча талаптардын жана эрежелердин сакталышын камсыз кылуу жана бузууларга жол бербөө максатында, ошондой эле туруктуулукка жана ишенимдүүлүккө коркунуч келтириши мүмкүн болгон жана андан ары ага таасир этүүнүн тиешелүү чаралары колдонулушу мүмкүн болгон иштер менен алектенүү үчүн ВАККБга маалымат иретинде жөнөтүлөт.

## 3-глава. ВАУА тарабынан колдонулуучу таасир этүү чаралары

12. Тиешелүү таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө чечимди ВАУА кабыл алат.

Таасир этүү чаралары ВАУАнын чечимдери же жазма буйруктары түрүндө таризделет. Мында көрсөтүлгөн документтер ВАККБ тарабынан аткарылууга милдеттүү болуп саналат.

ВАУА мурда жөнөтүлгөн талаптарды аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн лицензияны кайтарып алууга чейин таасир этүү чараларын колдонууга укуктуу.

13. Виртуалдык активдерге байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүн көрсөтүүгө чектөө коюу, ВАККБнын лицензиясынын колдонулушун убактылуу токтотуу жана лицензиясын чакыртып алуу түрүндөгү таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу ВАУАнын өзгөчө компетенциясына кирет.

### 3.1. Жазма буйрук

14. Жазма буйрук - бул белгиленген мөөнөттө ВАККБ тарабынан аткарылышы милдеттүү болгон жазуу жүзүндөгү көрсөтмөнү камтыган таасир этүү чарасы.

Жазма буйрук ВАККБнын ишиндеги аныкталган бузууларды жоюу үчүн, ошондой эле ВАККБ өз ишинде орун алган кемчиликтерди жоюу боюнча өз убагында чараларды көрбөгөн учурда келип чыгышы мүмкүн болгон көйгөйлөргө эрте чара көрүү, аларды оңдоо жана алдын алуу максатында колдонулат.

Аныкталган бузууларга, ошондой эле ВАККБнын ишинин туруктуулугуна жана ишенимдүүлүгүнө коркунуч келтирүүчү тобокелдиктерге жараша жазма буйрукта төмөнкүлөр талап камтышы мүмкүн:

- ВАККБнын ишиндеги бузууларды жоюу жөнүндө;

- ВАККБнын ишин ылайык келтирүү жөнүндө;

- айрым иш-аракеттерди, анын ичинде айрым операцияларды/бүтүмдөрдү жүргүзүүдө ВАККБ тарабынан кабыл алынуучу тобокелдиктин деңгээлин төмөндөтүүчү/оптималдаштыруучу аракеттерди аткаруу жөнүндө.

15. Аныкталган бузууларды белгиленген мөөнөттө жоюу жөнүндө жазма буйрук төмөнкү учурларда жөнөтүлөт:

- финансылык отчеттуулукту же башка отчеттуулукту, анын ичинде виртуалдык активдер рыногун жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларда аныкталган финансылык отчеттуулукту, анын ичинде Финкөзөмөлгө КИК/ККЛК боюнча көз карандысыз финансылык аудиттин, маалыматтык системалардын аудитинин, ички контролдук системаларынын жыйынтыктары боюнча отчетту бербеген учурда;

- Финкөзөмөлгө мөөнөтүнөн кечиктирилген/анык эмес/толук эмес маалымат берилген учурда;

- инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү учурунда техникалык документтердин жана суралган башка маалыматтардын/документтердин жоктугу жана/же берилбеши, же анык эмес/толук эмес маалыматтарды/документтерди, ошондой эле соода системасынын/адистештирилген платформанын иштешин камсыз кылуучу документтерди берүү учурларында;

- виртуалдык активдердин тоорук операторунун (криптобиржанын) соода системасынын/адистештирилген платформасынын иштешинде келип чыккан техникалык үзгүлтүктөр 24 сааттын ичинде жоюлбаган учурда;

- Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын, ошондой эле монополияга каршы мыйзамдардын жана кылмыштуу ишти каржылоого жана КИК/ККЛК жөнүндө мыйзамдардын башка бузуулары аныкталган учурда.

Жазма буйрук негиз катары да, кошумча да таасир этүү чарасы болуп колдонулушу мүмкүн.

16. Жазма буйрук бузуу фактысын, ВАККБ жана/же алардын кызмат адамдары тарабынан бузулган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына конкреттүү шилтемелерди, ошондой эле бузууларды жоюу мөөнөтүн камтууга тийиш. Жазма буйрукка кол коюуга ыйгарым укуктуу адам кол коёт жана ыйгарым укуктуу органдын белгиленген ички тартибине ылайык мөөрү менен бекитилет.

17. Жазма буйрук жөнөтүлгөндөн кийин ВАУАнын жооптуу түзүмдүк бөлүмү ВАККБ тарабынан жазма буйруктун белгиленген мөөнөттөрдө

аткарылышын контролдоону камсыз кылат жана жазма буйрук аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда, анын ичинде кыйла катаал таасир этүү чараларын колдонуу боюнча токтоосуз кийинки чараларды көрөт.

**3.2. Айып пул**

18. Айып пул – бул ВАУА тарабынан колдонулуучу таасир этүү чарасы болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө”, “Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген ченемдерди, талаптарды жана чектөөлөрдү ВАККБ/ВАККБнын кызмат адамы бузган учурда, ошондой эле башка таасир этүү чараларын аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда салынуучу акчалай жаза түрүндөгү таасир этүү чарасы.

19. Айып пул ВАККБ/ВАККБнын кызмат адамы тарабынан ВАУАнын айып салуу жөнүндө токтомун алган күндөн тартып үч айдан кечиктирилбеген мөөнөттө төлөнүүгө тийиш.

20. ВАККБга/ВАККБнын кызмат адамдарына айып салуу жол берилген бузууну жоюу милдетинен бошотпойт.

21. Эгерде айып ВАККБ/ВАККБдын кызмат адамы тарабынан белгиленген мөөнөттө төлөнбөсө, айып пул аткаруу өндүрүшүнүн алкагында мажбурлап өндүрүлөт.

**3.3. Виртуалдык активдер менен байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүн көрсөтүүгө чектөө**

22. ВАККБ жетиштүү капиталдаштырылбаган (жетишсиз) учурларда, ошондой эле ВАККБ виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузган жана ВАККБнын ишинде тобокелдиктер аныкталган учурларда, ВАУА виртуалдык активдер менен байланышкан айрым (бир же бир нече) кызматтарды көрсөтүүгө чектөөлөрдү киргизүүгө укуктуу.

23. ВАУА ВАККБнын ишинде виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү, кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарды, санкциялык мыйзамдарды, монополияга каршы жөнгө салуу, атаандаштыкты өнүктүрүү жана виртуалдык активдер кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча, анын ичинде жазма буйруктарды сактабагандык, виртуалдык активдер боюнча мыйзам талаптарын бузуу боюнча мыйзамдарды бузууга байланыштуу бузуулар

табылган учурда виртуалдык активдер менен байланышкан операциялардын айрым түрлөрүнө чектөөлөрдү киргизүүгө же токтотууга укуктуу.

Эгерде ВАККБ тарабынан виртуалдык активдер менен байланышкан операциялардын айрым түрлөрүн чектөөгө алып келген жагдай оңдолсо, ВАУА операциялардын чектөөсү алынып салынгандыгы тууралуу ВАККБга жазуу жүзүндө билдирме жөнөтөт.

Виртуалдык активдерге байланышкан айрым (бир же бир нече) кызмат көрсөтүүлөргө чектөө киргизүү лицензияга тиркелген уруксат берилген операциялардын тизмесин алмаштырууну талап кылат жана ВАУА тарабынан кабыл алынат. Лицензияга тиркелген уруксат берилген операциялардын тизмесин алмаштырууну талап кылган ВАККБга чектөө киргизүү жөнүндө чечим ошондой эле ВАККБнын ишин лицензиялоо маселелеринин алкагында, керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо жана виртуалдык активдер рыногунун туруктуулугун камсыз кылуу максатында кабыл алынат.

## 3.4. Лицензияны убактылуу токтотуу

24. ВАУА төмөнкү учурларда ВАККБнын лицензиясынын колдонулушун убактылуу токтотуу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу, эгерде:

1) ВАККБ өз ишин жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү мыйзамдарын бузуу орун алса;

2) Финкөзөмөл тарабынан жүзөгө ашырылуучу көзөмөлдөө функцияларын аткарууга жана текшерүүлөрдү жүргүзүүгө каршы аракеттенсе;

3) ВАККБнын аракеттери же аракетсиздиги кардарлардын жана башка керектөөчүлөрдүн укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына коркунуч жаратса;

4) ВАККБнын кызмат адамдарынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууга алып келүүчү аракеттери же аракетсиздиги;

5) Финкөзөмөлгө отчет жана (же) башка маалымат берилбесе же өз убагында берилбесе/анык эмес/толук эмес берилсе.

25. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан кабыл алынган лицензиянын колдонулушун убактылуу токтотуу жөнүндө чечимде мындай чечимди кабыл алууга негиз болгон мыйзам бузуулардын конкреттүү фактыларынын баяндалышы, ошондой эле ВАККБ мыйзам бузууларды жоюуга милдеттүү болгон мөөнөт жана ошол мезгил ичинде ВАККБ өз ишин жүзөгө ашырууга укуксуз боло турган мөөнөт көрсөтүлүүгө тийиш. ВАУА ошол эле учурда ВАККБдан финансылык жактан чыңдоо планын же мыйзам бузууларды четтетүү боюнча планды конкреттүү мөөнөттөрдү көрсөтүү менен иштеп чыгууну жана берүүнү талап кылууга укуктуу. ВАККБ лицензиясынын колдонулушун убактылуу токтотуу жөнүндө ВАУАнын билдирмесин алган күндөн тартып өз ишин токтотууга милдеттүү. ВАУА тиешелүү чечим кабыл

алынган күндөн тартып **3 (үч) жумуш күндүн** ичинде лицензиянын колдонулушун убактылуу токтотуу жөнүндө ВАККБга жазуу жүзүндө билдирет.

26. ВАККБ лицензиясынын колдонулушун убактылуу токтотуу жөнүндө билдирмени алган күндөн тартып ВАУАдан лицензиянын колдонулушу кайра жандандырылгандыгы жөнүндө билдирме алганга чейин өз ишин жүзөгө ашырууга укуксуз.

27. Эгерде ВАККБнын лицензиясынын убактылуу токтотулушуна алып келген кырдаал четтетилсе, ВАУА лицензияны убактылуу токтотуу жокко чыгарылгандыгын маалымдап, ВАККБга жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтөт.

**3.5. Лицензияны чакыртып алуу**

28. ВАККБнын лицензиясы Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө” Мыйзамында каралган негиздер боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамынын талаптары бузулган учурда чакыртып алынат.

ВАУА ушул Жобонун 24-пунктунда каралган негиздер боюнча ВАККБнын лицензиясын убактылуу токтото туруу үчүн окшош негиздер боюнча же эгерде ВАККБнын белгиленген мөөнөттүн ичинде ВАККБнын лицензиясын убактылуу токтото туруу үчүн негиз болгон бузууларды жойбосо, лицензияны кайра чакыртып ала алат.

29. ВАККБнын лицензиясынын кайтарылып алынышы Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө” Мыйзамында каралган негиздерге жана тартипте анын жоюлушуна алып келет.

## 4-глава. Виртуалдык активдердин эмиссиясын жана (же) ачык жайгаштырылышын токтотуу, ошондой эле виртуалдык активдердин эмиссиясын жана (же) ачык жайгаштырылышын ишке ашпай калган же жараксыз деп таануу

30. Виртуалдык активдерди жүгүртүү чөйрөсүндө мыйзам талаптарынын бузулушу аныкталган учурда, эмитент тарабынан виртуалдык активдердин эмиссиясы жөнүндө чечим кабыл алуу тартиби сакталбаганда, ошондой эле виртуалдык активдердин эмиссиясы жана (же) эл алдында жайгаштыруу жөнүндө жарыяланган маалыматтарда анык эмес маалыматтар табылганда, мезгил-мезгили менен берилүүчү отчеттун алкагында анык эмес маалыматтарды берүүдө, ошондой эле КИК/ККЛК боюнча мыйзамдардын талаптары бузулган учурда ВАУА төмөнкүдөй таасир этүү чараларын колдонот:

1) аныкталган мыйзам бузуулар четтетилгенге чейин белгилүү бир мөөнөткө виртуалдык активдердин эмиссиясын жана (же) ачык жайгаштырылышын токтото туруу;

2) ушул пункттун 1-пунктчасына ылайык эмиссияны токтото турууга жана (же) ачык жайгаштырылышын токтотуу негиз болгон мыйзам бузуулар эмитент тарабынан белгиленген мөөнөттө четтетилбеген учурда, виртуалдык активдердин эмиссиясын жана (же) ачык жайгаштырылышын ишке ашпай калган деп таануу;

3) соттун чечими боюнча виртуалдык активдердин эмиссиясын жана (же) ачык жайгаштырылышын жараксыз деп таануу;

4) виртуалдык активдердин эмитентине карата аныкталган бузууларды четтетүү жана эмитент тарабынан белгиленген мөөнөттө түзөтүүчү чараларды көрүү жөнүндө жазма буйрук;

5) КИК/ККЛК боюнча мыйзамдардын талаптарын бузгандыгы үчүн айып пул.

Виртуалдык активдердин эмитентине карата жазма буйрук жана (же) айып пул өз алдынча негизги таасир этүү чарасы катары да, кошумча таасир этүү чарасы катары да колдонулушу мүмкүн.

31. ВАУА виртуалдык активдердин эмиссиясын ишке ашпай калган же жараксыз деп таанылган учурда, ушул чыгарылыштагы бардык виртуалдык активдер жүгүртүүдөн алынууга тийиш, ал эми ишке ашпай калган же жараксыз деп таанылган виртуалдык активдердин эмиссиясын жайгаштыруудан эмитент алган каражаттар Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте алардын ээлерине кайтарылып берилүүгө тийиш.

Виртуалдык активдердин эмиссиясын ишке ашпай калган же жараксыз деп таанууга жана каражаттарды алардын ээлерине кайтарып берүүгө байланышкан чыгымдар эмитенттин эсебинен жүргүзүлөт.

## 5-глава. Майнинг ишин жүзөгө ашыруудагы бузуулар

32. Майнинг иши боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптары бузулгандыгы, майнинг ишине байланыштуу жөнгө салуу отчеттуулуктун алкагында туура эмес маалыматтар берилгендиги, ошондой эле виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү башка мыйзам бузуулар аныкталган учурда, ВАУА төмөнкүдөй таасир этүү чараларын колдонот:

1) майнер тарабынан майнинг иши боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын бузуу фактылары аныкталган учурда, мурда берилген сертификатты чакыртып алуу жана жокко чыгаруу;

2) сертификатты жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечиминин негизинде мурда берилген сертификатты чакыртып алуу жана жокко чыгаруу;

3) сертификат берилген учурдан тартып 12 (он эки) айдан ашык мөөнөттө майнер катары иш жүргүзбөгөн учурда, мурда берилген сертификатты чакыртып алуу жана жокко чыгаруу;

4) аныкталган бузууларды четтетүү жана белгиленген мөөнөттөрдө майнер тарабынан түзөтүүчү чараларды көрүү жөнүндө жазма буйрук;

5) уруксат берүүчү документтери жок майнинг ишин жүргүзүү фактылары аныкталган, ошондой эле КИК/ККЛК боюнча мыйзамдардын талаптарын бузуу учурда айып салуу.

Майнерге карата жазма буйрук жана (же) айып негизги таасир этүү чарасы катары да, кошумча таасир этүү чарасы катары да колдонулушу мүмкүн.

## 6-глава. Таасир этүү чараларына даттануунун тартиби

33. Виртуалдык активдердин субъекттерине карата колдонулган таасир этүү чарасы ВАУАнын чечими боюнча жокко чыгарылышы же кайра каралышы мүмкүн.

34. Виртуалдык активдердин субъекттерине карата колдонулуучу таасир этүү чаралары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.